**11-класс**

1. Метафорага мисал боло алган сүйлөмдү белгиле.
А) Бардык уул-кыздары тегеректеп турушат.
Б) Жайлоонун төрүнө аппак боз үй тигилет.
В) Үйдүн босогосун чала-була аттап кирип келет.
Г) Өмүр деген зуулдап учкан аттай болот.

2. Кыйыр сөз катышкан сүйлөмдү тап.
А)Эл макалында айтышат: «Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт».
Б) «Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт»,- деп эл оозунда айтылат.

В) «Акма кулакка айтса болбойт, -деп Эрбол көп айтат,-куйма кулакка куйса толбойт».

Г) Эл акма кулакка айтса болбой жана куйма кулакка куйса толбой тургандыгын айтышат.

3. Тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгиле.
А) Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны,-деп атам айтып келет.
Б) Эл макалында айтылат « Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны».
В) «Атаң барда эл тааны,- деп эл айтат,- атың барда жер тааны.»
Г) «Атаң барда эл тааны, атың барда жер таны –деген макал бар»

4. Сүйлөмдү толукта.
Публицистикалык стиль массалык маалымат каражаттарына …   .
А) каршы турат
Б) кызмат кылат
В) сактап турат
Г) мажбур кылат

5. Кыймыл-аракеттин узакка созулушун билдирген сүйлөмдү тап.
А) Акбар атын чапкылап бара жатты.
Б) Куугун кууганда аттан учуп түштү.
В) Катуу шамалдан улам аттан жыгылып кете жаздады.
Г) Ат чабышта жеңишке жетиш үчүн барды.

6. Туура жазылган сөздү белгиле.
А) тымбай
Б) басымбай
В) көнбөй
Г) казымбай

7. Баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин максатын билдирген сүйлөмдү белгиле.

А) «Көчмөндөр оюнуна» мыкты өткөрүш үчүн, алдына ала даярдыктар көрүлдү.
Б) Аба-ырайы жакшы болбогондуктан , самолет учуп келе албай калды.
В) Быйыл жай айы жаанчыл болсо да, күн абдан ысык болду.
Г) Биздин алдыңкы досторубуз кайды барса, биз да алар менен барбайбыз.

8. Аныктоочтун милдетин аткарган сөздү белгиле.
Кечинде маараган койлор коорону көздөй агылып келе баштады.
А) маараган
Б) маараган

В) маараган
Г) маараган